Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги
Юридикалык жак мамлекеттик каттоодон
2014-ж. "14" 05 өткөрүлдү
№ 9970 0011242 күбөлүк

Министерство юстиции Кыргызской Республики
Произведена государственная регистрация
юридического лица "......." ...... 20...
Свидетельство № ......

**Б Е К И Т И Л Д И**

Мурзабек Балбаков атындагы орто мектебинин
кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин
мүчөлөрүнүн жалпы чогулушунун
2014-жылдын 26-апрелиндеги № 1 токтому менен

# Мурзабек Балбаков атындагы орто мектебинин кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин

# УСТАВЫ

Ак-Чий айылы
2014-ж.

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Мурзабек Балбаков атындагы орто мектебинин кызматкерлеринин кесиптик бирлиги (мындан ары- кесиптик бирлик) өз мүчөлөрүнүн эмгектик жана социалдык-экономикалык укуктары менен кызыкчылыктарын коргоо үчүн түзүлгөн Мурзабек Балбаков атындагы орто мектебинин эмгек жааматынын мүчөлөрү болгон Кыргыз Республикасынын жарандарынан ыктыярдуу коомдук бирикмеси.

Аталган кесиптик бирликтин ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин, «Кесиптик бирликтер жөнүндө» Мыйзамына жана башка ченемдик укуктук актылардын талаптарына жана ушул Уставга ылайык жүргүзүлөт.

1.2. Кесиптик бирлик өз ишинде көз карандысыз жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына гана баш иет. Мамлекеттик бийлик органдарына, жумуш берүүчүлөргө, саясий партияларга жана башка коомдук уюмдарга отчет бербейт жана алар тарабынан контролдонбойт. Эгерде мыйзам тарабынан башкача каралбаса, анын укуктарын чектей же алардын уставдык ишин жүзөгө ашырууга тоскоолдук кыла турган ар кандай кийлигишүүлөргө тыюу салынат.

1.3. Кесиптик бирликке таандык болуу же болбоо жарандардын Кыргыз Республикасынын Конституциясы тарабынан кепилдик берилген эмгектик, социалдык-экономикалык, саясий өздүк укуктары менен эркиндиктерин ар кандай чектөөлөргө алып келбейт. Кызматкерди ишке кабыл алууну, иш боюнча которулууну, ошондой эле иштен бошотууну анын кесиптик бирликке таандыктыгы же таандык эместиги, ага киргендиги же чыккандыгы менен шарттоого тыюу салынат.

1.4. Кеситик бирликтин толук аталышы: мамлекеттик тилде - Мурзабек Балбаков атындагы орто мектебинин кызматкерлеринин кесиптик бирлиги; расмий тилде - Профессиональный союз работников средней школы имени Мурзабека Балбакова.

1.5. Жайгашкан жери: Кыргыз Республикасы, Нарын облусу, Ак-Талаа району, Ак-Чий айылы, Уста Турдуке көчөсү, 41-үй.

## 2. Укуктук статусу

2.1 Мурзабек Балбаков атындагы орто мектебинин кызматкерлеринин кесиптик бирлиги Кесиптик бирлик уюштуруу-укуктук формасындагы өз алдынча юридикалык жак болуп эсептелинет.

2.2 Кесиптик бирлик обочолонгон мүлктүк менчикке ээ жана өз милдеттенмелеринде бул мүлктөргө жооп берет, сот алдында доочу жана жоопкер болуп, өзүнүн атынан мүлктүк жана өздүк мүлксүз укуктарга жана милдеттерге ээ болот жана бул укуктарды ишке ашырат.

2.3 Кесиптик бирлик өзүнүн аталышы менен мамлекеттик жана расмий тилдеринде тегерек мөөрү жана штампы болот. Соттук процесстерде доогер жана жоопкер же башка өкүл катарында катыша алат.

## 3. Максаттары жана милдеттери

3.1 Кесиптик бирлик өзүнүн мүчөлөрүнүн эмгектик, экономикалык жана социалдык укуктарын коргоо максатында эмгек, эмгекти коргоо боюнча мыйзамдарынын жана эрежелеринин сакталышына көзөмөлдү ишке ашырат.

3.2 Жумуш берүүчү менен кызматкерлердин ортосунда кирешелердин (пайдалардын) адилетуу жана туура бөлүштүрүлүшүн көзөмөлдөйт.

3.3 Жумуш берүүчө менен социалдык шериктештикти колдоо, эмгек талаштарын чечүүгө катышуу, мамлекеттик бийлик, башкаруу органдарында жана сот органдарында кесиптик бирлик мүчөлөрүнүн таламдары боюнча өкүлчүлүк функцияларын аткаруу кирет.

## 4. Мүчөлүк, мүчөлөрдүн укуктары жана милдеттери

4.1 Кесиптик бирликке мүчөлүк ыктыярдуу болуп саналат. Мүчөлүккө кабыл алуу жеке арызы боюнча индивидуалдуу тартипте жүргүзүлөт.
4.2. Кесиптик бирликке Уставды тааныган жана аткарган, профсоюздук мүчөлүк акыны төлөгөн Мурзабек Балбаков атындагы орто мектебинде иштеген кызматкер, жумушчулар улутуна, саясий жана диний ишенимдерине, социалдык жана кызматтык абалына карабастан мүчө боло алышат.
4.3. Кесиптик бирлике мүчө болуу жумушчунун өзүнүн каалоосу менен ишке ашырылып, мүчөлүк өзүнүн каалоосу менен кесиптик бирликтин мүчөлугүнөн чыгарылганда токтотулат.
4.4. Кесиптик бирликте мүчөлүктү токтотуу жөнүндө маселе өзүнүн арызынын негизинде жалпы жыйналышта каралат. Кесиптик бирликтен чыгаруу жөнүндө маселе жалпы жыйналышка катышкандардын кворуму болгон маалда, жөнөкөй көпчүлүк добуш менен чечилет.
4.5. Жүйөсүз себептер боюнча үч ай бою взносторду төлөбөгөн кесиптик бирликтин мүчөсу, карызды жоймоюнча кесиптик бирлик тарабынан корголуу укугун жоготот.
4.6.Кесиптик бирлик өзүнүн мүчөлөрүн уставда каралган укуктары менен милдеттеринин ишке ашырылышын камсыз кылат.
4.7. Кесиптик бирликтин мүчөлөрү төмөндөгүлөргө укуктуу: өзүлөрүнүн эмгектик жана кесиптик укуктары менен таламдарынын корголушунун жана ишке ашырылышынын маселелери боюнча жардам сурап кесиптик бирликтин каалаган органына кайрылууга:
- профсоюздук чогулушта, кесиптик бирлик органдарынын отурумдарында кесиптик бирликтин иштеринин бардык маселелерин эркин талкуулоого, сунуштарды киргизүүгө,өз пикирин ачык айтууга жана аны жактоого, кесиптик бирликтин органдарына кандидаттарды көрсөтүүгө, шайлоого жана шайланууга:
- кесиптик бирликтин акысыз консультацияларды, юридикалык жана материалдык жардамдарды алууга:
- санаториялык-курорттук дарылануу жана эс алуу үчүн өзүнө жана өзүнүн уй бүлө мүчөлөрүнө жеңилдетүү путевкаларын же болбосо путевканын ордуна акчалай жардам алууга:
- маданий-спорт багытына колдонуу үчүн кесиптик бирликтин мүлкүнөн акысыз же жеңилдетүү шарттарды пайдаланууга: кесиптик бирликтин өз ара жардам кассасынан пайдаланууга:
- кесиптик бирлик тарабынан берилген материалдык жардамдарды пайдаланууга, анын каражаттарын пайдалануу жөнүндө чечимдердин кабыл алынышына катышууга:
4.8. Кесиптик бирликтин мүчөлөрү төмөндөгүлөргө милдеттүү: кесиптик бирликтин уставын сактоого:
- Кесиптик бирликтин ишине, чогулуштарга, отурумдарга, конференцияларга катышууга:
- Чогулуштардын, конференциялардын чечимдерин аткарууга:
- Кесиптик бирликтин мүчөлөрүнүн укуктарын коргоодо алар менен тилектештикти көрсөтүүгө;
- Мүчөлүк взносторду ай сайын төлөп турууга.
4.9. Милдеттерин системалуу аткарбаган кесиптик бирликтин мүчөсүнө коомдук формадагы айыптоо чаралары колдонулат: эскертүү, уяткаруу; согуш; кесиптик

бирликтин жеңилдиктеринен пайдалануу укуктарынын ажыратуу; акыркы чара катарында кесиптик бирликтин мүчөлүгүнөн чыгаруу.
4.10.Кесиптик бирликтен чыгарылган адам бул чечим тууралуу сот органдарына даттанууга укуктуу. Кесиптик бирликтен чыгарылган адам кесиптик бирликке жалпы негиздерде кайрадан кабыл алынышы мүмкүн.
4.11.Кесиптик бирликтин ишине активдүү катышкандыгы жана эмгектик ийгиликтери үчүн кесиптик бирликтин мүчөсү моралдык жана материалдык жактан сыйланышы мумкун.

## 5. Кесиптик бирликтин башкаруу органдары жана алардын компетенциясы

5.1. Кесиптик бирликтин башкаруу органдары: кесиптик бирликтин жалпы чогулушу; кесиптик бирликтин комитети (мындан ары - профком); текшерүү комиссиясы.
5.2. Кесиптик бирликтин мүчөлөрүнүн жалпы чогулушу өзүнүн демилгеси боюнча, мүчөлөрдүн үч бөлүгүнөн ашуун же текшеруу комиссиясынын демилгеси боюнча чакырылат. Жалпы чогулуш жылына бир жолуудан кем эмес өткөрүлөт.
5.3. Жалпы чогулуш кесиптик бирликтин иш аракетине тиешелүү маселени чечүүгө укуктуу.

Жалпы чогулуштун гана компетенцияларына төмөндөгүлөр кирет:
-кесиптик бирликтин комитетин жана текшерүү комиссиясын шайлоо
-кесиптик бирликтин иш аракетинин приоритеттүү багыттарын аныктоо.
-кесиптик бирликтин жалпы структурасын аныктоо, кесиптик бирликтин чектеринде секцияларды, ассоцияларды жана кесиптик бирликтин мүчөлөрүнүн кызыкчылыктарынын өкүлчүлүгүн ишке ашыруу учун башка түзүлүштөрдү тузүү, кесиптик бирликтерине кирүү.
-жалдоочу менен кызматкерлердин эмгек шарттарын жана социалдык-экономикалык абалын жакшыртуу маселелери боюнча коллективдүү сүйлөшүүлөрдү жүргүзуу жөнүндө чечим кабыл алуу.
-коллективдуу келишимдин аткарылышы жөнүндө жалдоочуну же ал тарабынан ыйгарым укуктуу адамдарды угуу.
-иш таштоо жана башка акцияларды өткөрүү жөнүндө чечим кабыл алуу.
-профкомдун эмгекчилердиң социалдык жактан коргоо боюнча иши жөнүндө отчетун маалыматын угуу.
-профкомдун эмгекчилерди социалдык жактан коргоо боюнча иши жөнүндө отчетун маалыматын угуу.
-кесиптик бирликтин бошотулган кызматкерлеринин штатын жана алардын эмгек шарттарын аныктоо.
-кесиптик бирликтин бюджетин бекитүү, профкомдун жана текшерүү комиссиясынын алардын аткарылышы жөнүндө отчетторун угуу.
-фонддорду түзүү,алардын иш аракеттери жөнүндө отчетторду угуу.
-кесиптик бирлик мүчө болуп кирген кесиптик бирликтин же кесиптик бирликтердин бирикмесинин жана конференцияларына делегаттарды көрсөтүү жана шайлоо өзүнүн өкүлдөрүн профсоюз органдарынын курамына жиберүү.
-кесиптик бирликтин уставын кабыл алуу, ага өзгөртүүлөрдү толуктоолорду киргизүү
5.4. кесиптик бирликтин чечими кабыл алынды деп эсептелинет эгерде катышып отургандардын жарымынан көбү ага добуш беришсе.
Добуш берүүнүн тартиби ( ачык же жабык) чогулуш тарабынан аныкталат.

Профкомдун ыйгарым укуктары:
5.5. Кесиптик бирликтин комитетин кесиптик бирликтин мүчөлөрүнүн чогулушунда 3 жылдан ашпаган мезгилге шайланат. Ал кесиптик бирликтин чогулуштар ортосундагы ишин жана жетектөөчү органдарынын чечимдеринин аткарылышын уюштурат.

5.6. Кесиптик бирликтин комитети жалдоочуга мекемеде эмгек мамилелерин жөнгө салууну өркүндөтүүгө жана кызматкерлердин социалдык экономикалык маселелерин чечүүгө багытталган ченемдик укуктук актыларын кабыл алуу жөнүндө сунуш киргизет.

5.7. Кесиптик бирликтин комитети төмөндөгүлөргө укуктуу:

- коллективдүү сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү боюнча комиссияларга катышуу менен жалдоочу менен кызматкерлердин ортосунда коллективдүү келишимдерди түзүүгө жана аларга кол коюга:
- кызматкерлердин массалык бошотулушун алдын алуу жана өндүрүштүн токтотулуп калуусуна жол бербөө боюнча чараларга катышууга иш менен камсыз кылуу максаттарында жумуш орундарынын түзүлүшүнө көмөк көрсөтүүгө.
- мекемелерде эмгек жөнүндө мыйзамдардын, жумуштардын коопсуз жүрүшү боюнча эрежелердин жана нормалардын сакталышына жалдоочу тарабынан коллективдүү келишимдин милдеттемелерин аткарылышына контрак жүргүзүүгө.
- жалдоочулардан мыйзамдардын талаптарына ылайык индивидуалдуу эмгек келишимин түзүүнү жана келишимге кызматкерлердин абалын начарлатуу шарттарды киргизбөөнө талап кылууга.
- кызматкерлердин макулдугу боюнча алардын дем алыш жана майрам күндө мөөнөттөн тышкары жумуштарга тартылышына жол бербөөгө.
- кызматкерлердин санынын штаттардын кыскартылышына же мекеменин жоюлушуна байланыштуу кызматкерлерди бошотууда гарантиялардын жана компенсациялардын сакталышын жалдоочудан талап кылууга.
-кызматкерлердин эмгектик жана социалдык экономикалык укуктарынын корголушуна тиешелүү болгон маалыматты жалдоочудан акысыз алууга.
- Кесиптик бирликтин мүчөлөрүн жалдоочу тарабынан Кыргыз Республикасынын эмгек кодексинин жана Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарында кызмат өтө жөнүндөгү Жобонун талабына ылайык прокуратура органынан бошотуу жөнүндөгү чечимине макулдук берүүгө.
- жалдоочу менен биргелешип:

1) эмгек акы төлөөнүн материалдык дем берүүнүн формаларын, системалар жана өлчөмдөрүн белгилөө жана өзгөртүүгө;
2) эмгектин нормаларын киргизүү жана аларды кайра карап чыгууга;
3) кошумча жана дем берүүчү отпускаларды, отпускалардын графиктеринин кезектүүлүгүн белгилөө;
4) иш жумасынын, иш күнүнүн режимин белгилөө, иш убактысынын суммаланган учетун киргизүүгө;
5) ички эмгек тартибинин эрежелерин, эмгектин коопсуз шарттарын белгилөө, эрежелер менен инструкцияларды бекитүүгө;
6) өндүрүштөгү кырсык учурларынын учетун жүргүзүүгө, аларды иликтөөгө, кызматкерлерге келтирилген зыяндын ордун толтуруу жөнүндө чечим кабыл алууга;
7) индивидуалдуу жана коллективдүү эмгек таламдарын чечүүгө катышууга.

5.8. Эгерде жетекчи кызматкерлер эмгек жөнүндөгү мыйзамды бузушса, коллективдүү келишимдин милдеттенмелерин аткарышпаса же жумушчулар менен кызматчылардын укуктарын кемитишсе зарыл болгон учурларда профком тийиштүү органдардан аларды ээлеген кызматтарынан бошотууга чейин тартип жоопкерчилигине тартууну талап кылууга укуктуу.

5.9. Профком эмгекчилерди социалдык камсыздандырууга байланышкан функцияларды өзүнүн компетенциясынын чектеринде ишке ашырып кызматкерлерди жана алардын үй бүлө мүчөлөрүн санаториялык курорттук дарылануугa, профсоюздук ден соолукту ондоо жана эс алуу мекемелерине эс алууга жиберет жана эс алгандыгын текшерет. Кесиптик бирликтин мүчөлөрүнүн эс алышы үчүн путевка же анын наркын төлөп берет. Кесиптик бирликтин мүчөлөрүнүн медициналык жактан тейленишин уюштурат. Аларга пенсиялардын дайындалышын текшерет. Эмгекке убактылуу жарамсыздык боюнча кош бойлуулук жана төрөт боюнча

пособиелердин дайындалышына жана төлөнүшүнө түздөн түз контролду ишке ашырат.
5.10. Профком турак жай жана маданий тиричилик объектилеринин курулушун жана ремонттолушун контролдойт. Жалдоочу менен бирликте турак жай шарттарынын жакшыртылышына муктаж болгон кызматкерлердин эсебин жүргүзөт, турак жайды бөлүштүрүү жөнүндө чечим кабыл алат.
5.11. Профком кесиптик бирликтин мүчөлөрүнүн эмгектик, социалдык экономикалык жана кесиптик кызыкчылыктарынын маселелери боюнча коргоонун каалаган формаларын пайдаланат.
- жалдоочулар менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү
- эмгектик турак жайлык мыйзамдардын жана социалдык камсыздоо укуктарынын орундатылышын талап кылуу
- мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарында кызматкерлердин таламдарынын бекем жакталышы:
- эмгек талаш тартыштары боюнча комиссияга, сотко жана арбитражга катышуу.
5.12. өзүнүн укуктарын толук жана эффективдүү жүзөгө ашыруу максаттарында профком мекемеде коомдук башталыштарда төмөндөгүдөй комиссияларды түзүүгө укуктуу.
- эмгек жөнүндө мыйзамдардын жана эмгекти коргоо эмгек эрежелеринин сакталышы боюнча комиссиясы;
- социалдык камсыздандыруу, эмгекке убактылуу жарамсыздык боюнча пособиелердин төлөнүшүн, пенсиялардын дайындалышын контролдоо боюнча комиссиясы:
- зарылчылык болгондо башка комиссияларды.
5.13. Кесиптик бирликтин комитетинин учурдагы ишин төрага уюштурат. Кесиптик бирлик администрация, бийлик органдары жана башка уюмдар менен болгон карым катышта болот.
5.14. Текшерүү комиссиясы профком менен бир убакытта жана ошол эле мөөнөткө шайланып, кесиптик бирликтин үч мүчөсүнөн турат. Комитет жана анын төрагасынын акча каражат, материалдык баалулуктарды колдонуу боюнча ишмердүүлүгүн текшерип, текшерүүнүн жыйынтыгын кесиптик бирликтин жалпы чогулушунда билдирип турууга милдеттүү.

## 6. Кесиптик бирликтин мүлкү

6.1. Кесиптик бирлик жобосунда көрсөтүлгөн ишин камсыз кылуу үчүн зарыл болгон менчик укугунда таандык мүлккө жана акча каражаттарына ээлек кылат, аларды пайдаланат жана тескейт. Кесиптик бирликтердин менчиги менчиктештирилүүгө тийиш эмес. Кесиптик бирликтин менчигинде жана ээлигинде кыймылсыз жана кыймылдуу мүлктөр, мунун ичинде имараттар, транспорт болушу мумкун. Кесиптик бирликтин каражаттары ар айлык мүчөлүк взностордон жана жарандардын, юридикалык жактардын башка ыктыярдуу кошумчаларынан турат.
6.2. Профсоюздук ар айлык мүчөлүк взностор эмгек акынын бир пайызын түзөт. Взносторду төлөө тартибин жана взностордун өлчөмү профсоюздун жалпы чогулушунда аныкталып, жалпы чогулуштун токтому менен тариздедет.
6.3. Кесиптик бирлике түшкөн взностордон белгиленген өлчөмү жалпы чогулуштун макулдугу менен жогору турган республикалык, тармактык профсоюздук бирликтердин бирикмелерине чегерилиши мүмкүн.
6.4. Кесиптик бирликтин финансалык каражаттары мүчөлөр ортосунда бөлүштүрүлбөйт. Алар жободо көрсөтүлгөн милдеттерди аткарууга жумшалат. Каражаттарды кайрымдуулук максаттарга жумшаганга жол берилет.

## 7. Кесиптик бирликтин уставына өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү тартиби

7.1. Кесиптик бирликтин уставына өзгөртүүлөр же толуктоо киргизүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жалпы чогулуштун чечими менен жүргүзүлөт.

## 8. Кесиптик бирликти кайра уюштуруу, ишин токтотуу, токтото туруу, ага тыюу салуу жана жоюу

8.1. Кесиптик бирликти кайра уюштуруу же ишин токтотуу анын мүчөлөрүнүн чечими боюнча, ал эми кесиптик бирликти юридикалык жак катары жоюу юридикалык жактарды каттоо жөнүндөгү мыйзамдарга ылайык жүзөгө ашырылат.
8.2. Кесиптик бирликтин иши Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарына каршы келген учурларда токтотулушу, ал эми соттун чечиминин негизинде кесиптик бирликтин ишмердүүлүгүнө тыюу салынышы мүмкүн.
8.3. Кесиптик бирлик жоюлган учурда финансалык каражаттары мүчөлөр ортосунда бөлүштүрүлбөйт. Алар уставда көрсөтүлгөн максаттарга жумшалат.
8.4. Кесиптик бирликтин иши токтотулду деп каттоочу органдын тиешелүү буйругу чыгарылгандан кийин эсептелет.

Мурзабек Балбаков атындагы
орто мектебинин кызматкерлеринин
кесиптик бирлигинин төрайымы

А. Абдыракманова

МИНИСТЕРСТВО ЮСТИЦИИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Управление Юстиции Нарынской области**

наименование регистрирующего органа

# СВИДЕТЕЛЬСТВО

## О ГОСУДАРСТВЕННОЙ РЕГИСТРАЦИИ ЮРИДИЧЕСКОГО ЛИЦА

**137027-3304-ПС** — регистрационный номер

**25934597** — код ОКПО

**01405201410075** — идентификационный налоговый номер

**Нарын** — город (село)

**14 мая 2014 года**

**Наименование юридического лица**
Профессиональный союз работников средней школы имени Мурзабека Балбакова

**Организационно-правовая форма**
Профессиональный союз

**Собственность** Иная

**Местонахождение (адрес)** Кыргызская Республика, Нарынская область, Ак-Талинский район, село Ак-Чий, улица Уста Турдуке, д. 41.

серия **ГРЮ** № 0011242

**И.о. начальника** — руководитель

**М. Доотугулова** — имя, фамилия

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ

**Нарын облусунун Юстиция башкармалыгы**

каттоочу органдын аталышы

# ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТЫ МАМЛЕКЕТТИК КАТТОО ЖӨНҮНДӨ КҮБӨЛҮК

**137027-3304-КБ**
каттоо номуру

**25934597**
ИУЖК коду

**01405201410075**
идентификациялык салык номуру

Нарын
шаары

2014-жылдын 14-майы

**Юридикалык жактын аталышы**
Мурзабек Балбаков атындагы орто мектебинин кызматкерлеринин кесиптик бирлиги

**Уюштуруучулук-укуктук формасы**
Кесиптик бирлик

**Менчик** Башка

**Жайгашкан жери (дареги)** Кыргыз Республикасы, Нарын облусу, Ак-Талаа району, Ак-Чий айылы, Уста Турдуке көчөсү, 41-үй.

сериясы **ГРЮ**

№ 0011242

**Начальниктин м.а.**
жетекчиси

**М. Доотүгулова**
аты, фамилиясы

## К А Р Т О Ч К А
## с образцами подписей и оттиска печати

**0401026**

**Владелец счета** Профессиональный союз работников средней школы имени Мурзабека Балбакова **Код**
**(полное наименование)**

**Адрес** село Ак-кой, улица Чек туудук, д. 41

**тел. №** 60-9-82

**Наименование вышестоящей организации** **Коды**
**(министерство, ведомство, центральная , кооперативная** Ак-Талинский районный комитет
**или общественная организация)** профсоюза работников образования

**Наименование учреждения банка** Ак-Талинский филиал РСК банк

**Местонахождение учреждения банка** село Баетово

**Сообщаем образцы подписей и печати, которые просим считать обязательными при совершении операций по счету.**

**Чеки и другие распоряжения по счету ________________ просим считать действительными при наличии на них одной первой и одной второй подписей.**

### ОТМЕТКИ БАНКА

**Разрешение на прием образцов подписей**

**Главный бухгалтер**
**(или его заместитель) (подпись)**

**«____» ________________ 20____ г.**

### ПРОЧИЕ ОТМЕТКИ

---

## К А Р Т О Ч К А
## с образцами подписей и оттиска печати

**0401026**

**Владелец счета** **Код**
**(полное наименование)**

**Адрес** Профессиональный союз работников средней школы имени Мурзабека Балбакова

**тел. №** 60-9-82

**Наименование вышестоящей организации** **Коды**
**(министерство, ведомство, центральная , кооперативная** Ак-Талинский районный комитет
**или общественная организация)** профсоюза работников образования

**Наименование учреждения банка** Ак-Талинский филиал РСК банк

**Местонахождение учреждения банка** село Баетово

**Сообщаем образцы подписей и печати, которые просим считать обязательными при совершении операций по счету.**

**Чеки и другие распоряжения по счету ________________ просим считать действительными при наличии на них одной первой и одной второй подписей.**

### ОТМЕТКИ БАНКА

**Разрешение на прием образцов подписей**

**Главный бухгалтер**
**(или его заместитель) (подпись)**

**«___» ___________ ______200____ г.**

### ПРОЧИЕ ОТМЕТКИ

АК-ТАЛАА РАЙОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ

МУРЗАБЕК БАЛБАКОВ АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИ

Инд : 722507

Ак Чий айылы
Уста Турдуке көчөсү № 70

АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОННЫЙ ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ

СРЕДНЯЯ ШКОЛА ИМЕНИ МУРЗАБЕКА БАЛБАКОВ

Инд : 722507

село Ак Чий
ул. Уста Турдуке № 70

«04 » 12 2017 – жыл

Мурзабек Балбаков атындагы орто мектебинин кесиптик бирлиги

# ТОКТОМУ

Ак-Чий айылы

Катышканы 26
Катышпаганы 3
Себептүү 3

Мурзабек Балбаков атындагы орто мектебинин баштапкы кесиптик бирлигинин мүчөлөрү менен жыйын

Күн тартибинде каралуучу маселе

Мурзабек Балбаков атындагы орто мектебинин мугалимдери жана тех кызматкерлери менен биргеликте жыйын өтүүбүздүн себеби Абдырахманова Анаркүл өз каалоосу менен кесиптик бирлигинин төр айымынан бошоп жаткандыгына байланыштуу ,жаны төраганы шайлоо боюнча.

...улду

...Балбаков атындагы орто мектебинин кесиптик уюмунун жыйыны

...райымы Абдырахманова Анаркүл

...рматтуу кесиптештер сиздер менен жыйын өткөргөн себебим мен кесиптик уюмдун төр агалыгынан ...з каалоом менен бошоп жаткандыгыма байланыштуу төрагалыка коллективдин арасынан тандап ...көрсөтүнүздөрдү сурайм .

Мектеп директору Жылтыров Урмат агайга сөз берилет.

- Урматуу кесиптештер эми сиздерди жыйынга чакырган себебибиз Анаркул эже кесиптик уюмунун төр агалыгынан өз каалоосу менен бошоп жаткандыгына байланыштуу, буга чейин кылган эмгегине ыраазычылык билдирем ишине ийгилик каалайм. Мен жаны кесиптик уюмдун төрагалыгына Секиев Айбек агайды сунуштайм,сиздердин оюнуздар кандай айтыныздар.
- Окуу бөлүмүнүн башчысына сөз берилет Сагынбекова Самарага
  Менделе Секиев Айбек агайдын иштешине макулмун
  Уюштуруучу Агыбаева Айидага сөз берилет менделе жогорудагы сунуштарга кошулам Секиев Айбек агайды колдойм.
  Тех кызматкерлерден Шыгае Канатка сөз берилет
  Мен Айбектин иштешин колдойм

Токтом кылат

Жогорудагы коллективдин сунуштарын эске алуу менен Секиев Айбекти М.Балбаков атындагы орто мектепке кесиптик уюмдун төрагалыгына шайлансын деп токтом кылам

Баштапкы кесиптик бирлигинин төрагасы А . Абдырахманова